| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТҮП РАЙОНУ<br>КАРКЫРА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>КАРКЫРА |
|---|---|---|

Каркыра айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 7- сессиясы

**ТОКТОМ**

**27-март 2025-ж** **№ 38** **Талды-Суу айылы**

**Талды-Суу айылынын Найман уулу Шарше көчөсүнө тушташ жайгашкан көрүстөндү жабуу жөнүндө**

Каркыра айыл өкмөтүнүн 24.03.2025 ж. №01-8/619 кайрылуу катын жана Каркыра айылдык кеңешинин депутаттарынын кайрылуусун карап чыгып, ошондой эле Талды-Суу айылынын Найман уулу Шарше көчөсүнө тушташ жайгашкан айылдын көрүстөнү элүү жылдан бери сөөк коюлбай келе жаткандыктан, көрүстөндү курчаган темир тосмолор жарактан чыгып жана ал жер көрүстөн катары пайдаланылбай келе жаткандыгын эске алып, Кыргыз Республикасынын “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Мыйзамынын негизинде Каркыра айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1.Талды-Суу айылынын Найман уулу Шарше көчөсүнө тушташ жайгашкан айылдын көрүстөнү жабылсын.

2.Бул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтүлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы айылдык кеңештин жер жана курулуш, архитектура боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдылда у.Т.**